рс 20 #
об-ие. Шерашев

«СЕЗИМДЕГИ ОЙ»

Сезимге изин калтыраар
Сездирбей күйүп жаркыраар
Себепкер болуп ар ишке
Сүретүн көзгө тартылаар
Секунда сайын ойлонткон
Сенде да максат бар чыгаар
Бар чыгаар, бар чыгаар
Сенде да максат, менде да максат бар чыгаар

Арманда өмүр өтпөсүн
Ардактап, көңүл чөкпөсүн
Акыры чачтар агарат
Айтпасаң да өнгөсүн
Азыркы жыргал турмушта
Алтындай жаштык көктөсүн
Көктөсүн, көктөсүн
Алоолоп жанып, ак сүйүү шамы өчпөсүн

Жылдыздар көктө таралып
Жамындайт бизди карашып
Жаркырай чачса нурлары
Жазыла түшөт кабагың
Жалындуу жаштык барында
Жакшы жол тандап алалык
Алалык, алалык
Жаркы жол тандап алалык
Жарк этип күлүп койчу
Жазылсын кумарларым
Жазылсын кумар черим таралып